ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

УДК: 159.922.4 (575.2) DOI:10.35803/1694-5298.2022.2.698-70

**КОНУРБАЕВ Т.А., ДЖУМАЛИЕВА Ж., КОЖОГЕЛДИЕВА К.М.**
[1]Н.Исанов атындагы КМКТАУ, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[2]И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы
[1]КГУСТА им. Н. Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика
[2]Кыргызский государственный университет им. И.Арабаева, Бишкек, Кыргызская Республика
**KONURBAEV T.A., DZHUMALIEVA ZH., KOZHOGELDIEVA K.M.**
[1]KSUCTA n. a. N. Isanov, Bishkek, Kyrgyz Republic
[2]Kyrgyz State University named after I. Arabaev, Bishkek, Kyrgyz Republic
tuukon@mail.ru

# КЫРГЫЗСТАНДА ПСИХОЛОГИЯ ИЛИМИНИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ

# ИСТОРИЯ РАЗВИТИЯ ПСИХОЛОГИЧЕСКОЙ НАУКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

# THE HISTORY OF THE DEVELOPMENT OF PSYCHOLOGICAL SCIENCE IN KYRGYZSTAN

*Макалада психология илиминин Кыргызстанда өнүгүү тарыхы жөнүндө сөз болот.*

*Кыргызстанда психология илиминин өнүгүү тарыхын изилдөө өз ара байланыштагы эки факторго таянып анализ жасалган. Кыргызстанда психологиянын илим катары калыптанып, өнүгүшүндө чыгыш ойчул-агартуучулары: Ибн-Сина (Авиценна), Абу аль-Фараби, Беруни, Джалалиддин Даванинин ойлору, уникалдуу билимдеринин таасири бар экендигине далилдер келтирилет.*

*Кыргыз элдик фольклордо, "Манас" эпосунда жана белгилүү ойчул Жусуп Баласагындын чыгармаларында сапаттуу билим берүүнү жөнүндө кызыктуу идеялар бар экендигине токтолот.*

***Өзөк сөздөр:*** *психология, билим берүү, сапаттуу билим берүү, калыптануу, өнүгүү, чыгыш ойчулдары, Манас, фольклор, баалуулуктар.*

*В статье речь пойдет о развитии психологии в Кыргызстане как науки.*

*В исследовании проанализирована история развития психологии в Кыргызстане на основе двух взаимосвязанных факторов. В статье отмечается, что в формировании психологии как науки и в развитии оказывают влияние идеи и уникальные знания восточных мыслителей: Ибн Сины (Авиценны), Абу аль-Фараби, Беруни и Давани Джалиддина.*

*А также в статье отражается, что в фольклоре кыргызского народа, эпосе «Манас» и произведении известного мыслителя Ж. Баласагына есть интересные идеи в области качественного образования.*

***Ключевые слова:*** *психология, образование, качественное образование, формирование, развитие, восточные мыслители, Манас, фольклор, ценности.*

*The article deals with the formation and development of psychology in Kyrgyzstan as a science.*

*The study analyzed the history of psychology in Kyrgyzstan based on two interrelated factors. The article notes that the formation of psychology as a science and its development is influenced by the ideas and unique knowledge of Eastern thinkers, like a Ibn Sina (Avicenna), Abu al-Farabi, Beruni and Davani Jaliddin.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*And the article also reflects that in the folklore of the Kyrgyz people, the epic "Manas" and the works of the famous thinker J. Balasagyn has interesting ideas in the field of quality education.*

***Key words:*** *psychology, education, quality education, formation, development, Eastern thought, Manas, folklore, values.*

Психология илими психиканын пайда болушунун жана өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн ачып берүүдө негизги орунду ээлейт. Психиканын өнүгүү мыйзамдарына, анын практика менен болгон байланышына болгон кызыгуу жылдан-жылга кеңейип, психологиянын прикладдык мааниси өсүүдө. Күнүмдүк жашоодо жана ар түрдүү кесиптик иш-аракетте психология илиминин мыйзам ченемдерин билип, аны практикада колдонуу заманбап актуалдуу проблема катары алдыңкы иш мерчемине айланган.

Бул багыттагы оюбуз далилдүү болсун үчүн Э.Стоунстун идеясына таянып көрөлү. Ал “Психодидактика” терминин киргизип жатып, жаңы термин киргизейин деген максатты көздөгөнүм жок. Окутуунун психологиялык теорияларын практикада кеңири колдонулсун деп бул терминди сунуш кылдым... “Педагогикалык психологиянын жетишкендиктерин окутуу практикасында түздөн-түз колдонуу мүмкүн эмес. Ал үчүн дидактикалык принциптерге өзгөртүп, окутуунун методдорунда чагылдырып, андан кийин окутулуп жаткан предметтин өзгөчөлүгүн эске алып, б.а. педагогикалык психология менен окутуунун практикасын байланыштыра турган жеке методиканын деңгээлине түшүрүп, андан кийин гана практикага берсе болот” [1], - деген.

Э. Стоунстун идеясына үндөш ойду биздин Республикада педагогика илимдеринин доктору, профессор, КР УИА мүчө-корреспонденти Э.Мамбетакунов “Психодидактиканын очерктери” деген эмгегинде кыргыз аудиториясына сунуш кылган [2] .

Мындан психология илиминин жетишкендиктерин окуу процессинде, практикада колдонуу зарылдыгы келип чыгат. Ал зарылдыкты канааттандырууда психологиянын өз алдынча илим катары калыптануусу жана өнүгүүсү өзгөчө мааниге ээ. Ошондуктан **Кыргызстанда психология илиминин өнүгүү тарыхына сересеп салуу бүгүнкү күндөгү илимий теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү камтып, актуалдуу проблемалардын бирине айланып отурат.**

Кыргыз Республикасында психология илиминин калыптанышынын башатында (өз мезгилинде түрдүү жогорку окуу жайларда иштешкен) практик-психологдор турушкан. Алар: А.Арет, А.Валитов, Б.К. Кулдашев, Н.В. Канторович, А.Н.Круглов, С.И. Гершун, З.Чотаев, Э. Абдулина ж.б.

Ал мезгилде психология педагогикалык жана педагогикалык эмес кадрларды даярдоочу кошумча предмет катары окулган. Берилген маалыматтар бир нече адамдардын, илимий кызматкерлердин, студенттердин психологияга болгон кызыгууларын жараткан. Мындай аракеттердин натыйжасында, психология илимине А.А.Брудный, Н.Н.Палагина, Н.Б.Ведерникова, В.В.Соложенкин, К.Миңбаев, Д.М.Лондон, А.Аманов, Ш.Жанузаков, А.Ысыкеев, Э.С.Орозалиев, Дж.Джумалиевалардын келиши сапаттык өнүгүүнү камсыз кылган. Аталган окумуштуулар жазган монографиялар, окуу куралдар, окуу методикалык колдонмолор, окулган лекциялар Кыргызстанда психолог-адистердин бир нече муундарын калыптандырууга оң таасир тийгизген.

Айрыкча, 1990-жылдан кийин Республикабызда кайра даярдоодон өткөн жана базалык билими бар психологдордун саны өскөн. Ошол эле мезгилде Н.Н.Палагина доктордук диссертациясын ийгиликтүү коргон (1992), Республикада алгачкы психология илимдеринин доктору пайда болгон. Андан кийин С.В.Фатеев (1996), Ч.АШакеева (1998), А.А.Чазова (1998), В.П.Ивановалар (2014) психология илидеринин докторлору болушту. Ал эми психология илимдеринин кандидаттары: К.Кененбаева, Ж.А.Иманкулова, Н.А.Багдасарова, Т.Качыкеев, А.Адыкулов, А.Закиров, А.Т.Токомбаева,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Т.А.Данилова, Т.А.Коңурбаев, М.Маматова, Н.А.Брудная, М.С.Мурзаев, Камчыбек уулу Мырзабек, Н.Х.Мураталиева, С.В.Дорохова, В.В.Еременко, К.М.Кожогелдиева, Г.М.Сыдыковалар психология илиминин түрдүү тармактарында илимий иштердин үстүндө эмгектенип келе жатышат.

2016-жылы Т.А.Коңурбаевдин демилгеси, И.Арабаев атындпгы КМУнун ректору Т.А.Абдырахмановдун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын төрагасы техника илимдеринин доктору, профессор, УИА мүчө-корреспонденти А.С.Мавляновдун колдоосу менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин алдында кандидаттык диссертацияларды коргоо (19.00.07.- педагогикалык психология) боюнча адистештирилген кеңештин ачылышы, психология илиминин тарыхындагы өзгөчө окуя болгон. Анткени, Кыргызстандын жана кыргыз элинин тарыхында психология илими боюнча адистештирилген кеңеш алгачкы жолу түзүлгөн. Аталган кеңештин алгачкы мүчөлөрү болуп, психология илимдеринин докторлору, профессорлор: Ч.А.Шакеева, В.П.Иванова, А.А.Чазова жана психология илимдеринин кандидаттары, профессордун м.а. Т.А.Коңурбаев, доцент Н.Х.Мураталиевалар бекитилишкен. Адистештирилген кеңеш ачылгандан бери Республикада 9 психолог диссертациялык иштерин ийгиликтүү коргошуп, психология илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болушту. Мындан Республикада психология боюнча илимий кадрларды даярдай баштадык деп айта алабыз.

Бул айтылгандардан психология илиминин Кыргызстанда пайда болуп, өнүгүү башатында турган психолог-окумуштууларды, алардын эмгектеринин баалуулуктарын терең түшүнүү илимдин учурдагы өнүгүү багытын аныктап, келечек муун тарабынан уланат деп айтууга негиз бар. Демек, жогоруда белгилеген үч муун бир бүтүндүктү түзөт. Мындай бүтүндүктү психология илиминин тарыхын изилдеп үйрөнүүнүн шарты катары карасак болот.

Кыргыз Республикасында психология илиминин тарыхын өз ара байланыштагы эки факторго таянып анализ жасадык:

I. Чыгыш ойчулдарынын эмгектериндеги жана кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы психологиялык идеялар;

II. Кыргызстандагы психолог-окумуштуулардын илимий эмгектери, чыгармачыл аракеттери.

**I. Чыгыш ойчулдарынын эмгектериндеги жана кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы психологиялык идеялар.**

Орто кылымдагы ойчулдардын чыгармаларынан психология илиминин пайда болушу жөнүндөгү кызыктуу ойлорду табууга болот. Албетте, ал мезгилди бүгүнкү күндүн мерчеми менен кароого болбойт. Ошондуктан чыгыш ойчулдарынын ошол учурдагы идеяларын философиялык, диндик, психологиялык көз караш деп ажырымга бөлүү да татаалдыкты жаратат. Мындай бөлүштүрүү шарттуу экендигин билүү менен бирге, психологиялык ойлорду мүнөздөгөн мыйзамдарга, идеяларга токтолууга аракет жасадык. Орто кылымдагы философтордун өкүлдөрү адамды жаратылыштын ажырагыс бир бөлүгү катары карашкан. Ойчул-агартуучулар Ибн-Сина (Авиценна) жана Абу аль-Фарабилер психология жаатында орошон ойлорду, уникалдуу билимдерди калтырышкан. Алар бүгүнкү илимий көз караштарга үндөш: психикалык процесстер жана психикалык өнүгүүдөгү филогенез менен онтогенездин ажырагыс байланыштары жөнүндөгү түшүнүктөрдү илимий көз карашта далилдей алышкан. Рух күчтөрүн анализдешип, ар бир орган аныкталган бир функцияларды аткара тургандыктарын жана органдар өз ара байланышта экендигин аныкташкан.

Ибн-Сина менен Аль-Фарабинин организмдин мүчөлөрүнүн функционалдык өз ара байланыштары жөнүндөгү окуулары, азыркы мезгилде илимий жактан далилденген сезүү, эс, ойлом, эмоционалдык абал, баш мээнин жарым шарынын уңгусунун локализациясы сыяктуу фактыларга өтө жакын. Бүгүнкү күндө психология илими колдонуп келе жаткан

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

закон ченемдүүлүктөрдүн башаты жогоруда аталган ойчулдардын эмгектеринен сызылып чыгат.

Чыгыш ойчулдары белгилүү грек философу Аристотелдин окуусун улантышкан. Бирок улуу гректен айырмаланышып, алар биринчилерден болуп адамдын аң сезимдүү турмушунун жана рух күчүнүн борбору жүрөк эмес, баш мээ экендиги жөнүндөгү идеяларды айта алышкан. Ала турган болсок, Аль-Фараби баш мээни өзүнчө борборлорго бөлүп көрсөткөн: «Посредством одной из своих частей (мозг) уравновешивает (теплоту), способствующую воображению; посредством другой – то что способствует мышлению; и посредством третьей то, что способствует сохранению в памяти и воспоминаниям» [4. Б. 160].

Аль-Фарабинин ою боюнча бардык жаратылыш жанга ээ. Жан таанып билүүчүлүк, кыймылдаткыч күчтөн турат. Кыймылдаткыч күч жандуу жаратылышка таандык - өсүмдүктөр, жаныбарлар, адамдар кыймыл жөндөмүнө ээ болушат. Ал эми жаныбарлар жана адамдар таанып-билүүчүлүк күчкө – чөйрөнү баш мээде чагылдыруу күчүнө ээ. Анын ою боюнча адамдар жандын күчүнө да ээ болушат. Жандын күчү экиге бөлүнөт: биринчиси «жандын сырткы күчү» же «сезүү күчү», ал предметтердин сезүү органдарына түздөн-түз таасир этүүсүнөн жаралат; экинчиси, «жандын ички күчү» - аны элестетүүнүн күчү, акылдын же ойломдун күчү катары түшүндүргөн.

Бекеринен күн чыгышта Аристотелди биринчи устат, ал эми Аль-Фарабини экинчи устат катары белгилешпейт. Аль-Фараби куралтык жана педагогикалык психология боюнча да кызыктуу идеяларды калтырган. Ал **личностун калыптанышы тарбия жана коомдук чөйрөнүн таасири астында жүрөт деген концепцияны** сунуштаган. «Человек, - писал он, не может наделен с самого начала от природы добродетелью или пророком, так же как он не может быть прирожденным ткачем или писцом» [4. Б.165].

Ибн-Сина «Канон врачебной науки» - деген эмгегинде (1-китеп) жанды класстарга бөлөт. Ибн-Сина «Баланы тарбиялоодо атанын мамилеси» деген проблемага көңүл бурган. Бул эмгекте буларды бөлүп көрсөтөт: «… Матери по своей природе мягкосердечны и своей лаской портят характер ребенка; главный воспитатель – отец, который, может применять и физические методы воздействия” [5. Б.52].

Орто кылымдагы ойчул Беруни: «Өткөн муундарга эстеликтер» - деген эмгегинде психологиялык идеяларга кайрылган. Ал «чын - жалган», «жакшылык - жамандык», «токтоолук-текебердик», «билимдүүлүк – билимсиздик» ж.б. түшүнүктөрдүн үстүнөн ой толгоолорду жүргүзүп, жыйынтык чыгарууга аракеттенген. Ошол эле учурда адамдар ортосундагы өз ара мамилелердин мыйзамдарына көңүл бурган: достук жана жолдошчулук, чынчылдык, туура жүрүү, акыйкаттык ж.б.

Джалалиддин Давани «Психология жөнүндө трактат», «Балдарды тарбиялоонун методдору», «Каалоо этикасы» ж.б. эмгектерин жараткан. Окутуунун этаптардан тура тургандыгын жана тарбиянын маңызын ачуучу педагогикалык ойлорду калтырган. Дж.Давани чөйрөнүн тарбиялоодогу маанисин түшүнүүгө чейин көтөрүлө алган. Давани «баланын жаны, каалаган сүрөттөрдү оңой тарта турган, таза доскага окшош»,- деген. Андан 200 жыл өткөндөн кийин, бул ойду Джон Локк кайталаган: «… При рождении душа человека похожа на Tabvla rasa (чистую доску), а психика подобна листу белой бумаги, которая заполняется письмами в течение всей жизни» [5. Б.49].

Орто кылымдагы чыгыш ойчулдарынын мындай окуулары, калтырган мурастары Кыргызстандагы психология илиминин калыптанышына өз таасирин тийгизген жана аларды окуп үйрөнүү акыркы мезгилде колго алынып келе жатат.

Белгилүү ойчул Жусуп Баласагын дүйнөлүк руханий маданиятка, билим берүү чөйрөсүнө жана психология тармагына таандык баалуу идеяларды жараткан. Анын эмгектери тарыхты изилдөөдө гана эмес, бүгүнкү күндүн өзгөчөлүктөрүн түшүнүү үчүн да баалуу мурас. Аль-Фараби акыл-эсти адамзатка таандык, бардык пендеге бирдей тиешеси бар деп эсептеген. Ж.Баласагын өз устатына кошулуу менен ар бир адамга берилген акыл-эстин, ар ким өз мүмкүнчүлүгүнө жараша пайдаланаарын белгилеген.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Акыл табигый жөндөм катары ар бир пендеде бар, бирок ага ээ болуу үчүн талбай билим алып, окуп, үйрөнүү зарыл деген.

Жогорудагы ойчулдардын оюн онго бөлгөн суроого өз учурунда Жусуп Баласагындын берген жообу ушундай. Ж.Баласагындын эмгектери негизинен гуманизм идеяларына багыт алып, личносттун өнүгүүсүнүн түрдүү өңүттөрүн камтыйт. Алгачкы кыргыз аалымы Ж.Баласагындын «Куттуу билим» [6] аттуу китеби кыргыз тилинде, кыргыз ойломунда жаралган баалуу мурас. Аталган китепте алгачкы жолу социалдык психологиянын элементтери: өз ара мамиле, баарлашуу, бийлик менен кол алдындагы адамдын ортосундагы карым-катнаш ж.б.у.с. категориялар өз учурунун этикалык өңүтүндө жеткиликтүү берилген. Анын жараткан эмгегин социалдык психология боюнча кыргыз тилиндеги алгачкы эмгек деп айтууга арзыйт. Ал эми өзү, өткөн менен келечектин данакери, даанышман ойчул, алгачкы кыргыз психологу. Ж.Баласагындын чыгармаларын психологиялык өңүттө изилденип, психологиялык жаңы теориялар жарала тургандыгына ишеним артсак болот.

Кыргызстанда психологиялык категориялардын калыптанышында кыргыз элдик фольклордун таасири чоң. Кыргыз элдик фольклорунан адам жана анын моралдык сапаттары жөнүндөгү психологиялык категорияларды издесе болот. Бул багытта белгилүү педагог Т.О. Ормонов мындай деген: «Для того, чтобы понять и осмыслить многовековую историю развития культуры, психолого-педагогической мысли и практики воспитания кыргызского народа, необходимо последовательное и всестороннее изучение его устно поэтического творчества» [7. Б.28].

Мындай оозеки чыгармалар кыргыз турмушунун негизи. Биринчи кезекте «Манас» үчилтиги кыргыз элинин психологиялык-педагогикалык көз караштарынын өзгөчөлүктөрү, моралдык этикалык нормалары, тарбиялоо практикалары жөнүндө кабар берет. “Манас” эпосу кылымдар бою кыргыз элинде мектептин, университеттин функциясын аткарып келген.

«Манас» эпосунда психология жаатындагы кызыктуу идеялар арбын. Ал кыргыз элинин күткөн тилеги, адамдын идеалынын ишке ашышынын **кыргыз жолу**. Эгер анын сюжетине кайрылсак, Манас төрөлө электе эл күткөн мүнөздөргө ээ боло тургандыгы алдын ала баяндалат. Атасы – Жакыптын түшү аркылуу Манастын тагдыры, өмүрү, жасай турган иш аракеттери тууралуу аян берилип, жетик личносттун калыптанышынын үлгүсү сунушталат. Манас личносттун гармониялык өсүшүнүн **кыргыз варианты** - ал эмгекте, иш-аракетте, күрөштө жетилет.

Ал гана эмес эпосто билим берүүнүн мааниси, окуу мезгилинин мөөнөтү жөнүндө илимий түшүнүктөрдү чагылдырганы кызыгууну жаратат. Азыркы мезгилде үч ай ашыкча окуган баланын өнөрү артык боло тургандыгы жөнүндө ой толгоо эч кимди таң калтырбайт. Мындай түшүнүктүн эпосто орун алышы, бүгүнкү илимий ой жүгүрткөн адам үчүн да баалуу экендиги талашсыз. Эпос боюнча Алманбеттен үч ай артык окуган Шыпшайдар кыргыз баатырларынын он экисин атып өлтүрөт. Үч ай аз окуган Алманбет, ага каршылык кылууга арга таппай окко учат:

Каранкөй уулу Шыпшайдар,
Өнөрүн чындап токуду.
Ажыдаардын окуусун,
Алмандан үч айга артык окуду [8. Б.196].

Окуунун мындай мааниси, эффективдүү окутуу (үч айда) башка чыгармаларда аз кездешет, кездешсе да окумуштуулар тарабынан көңүл бурулбай келет. Ал эми “Манас” эпосунда окутуунун ар бир күнү текке кетпегидей уюштурулушу керек деген чакырык жатат. Заманбап илимий түшүнүккө үндөш (сапаттуу билим берүү, окутууну эффективдүү уюштуруу ж.б.у.с.) идеянын “Манас” эпосунда берилип келгендиги кыргыз элинин жаш муундарды тарбиялоодо жалпы адамдык наркка көтөрүлө алган касиети бар экендиги жөнүндө маалымат берип турат. Мындан биздин элде өнөр үйрөнүүнүн адамдын тагдырындагы жана жашоосундагы ролу жөнүндөгү маселе эпостун мазмунуна сиңирилип, келечек муундарды тарбиялоодогу багыт катары пайдаланылып келген деп айта алабыз. Бүгүнкү күнү сапаттуу илим берүү жаңы “чакырык!” катары кабыл алынып, билим берүү мекемелеринин алдыңкы иш мерчемине айланган. Мындай чакырык

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

элибиздин жаш муундарды тарбиялоо өзөгүнө айлангандыгына көпчүлүк көңүл бу[illegible] бериштпейт.

«Манас» эпосундагы ата-мекенди сүйүү, патриоттуулук, эл алдында өз милдетин аткаруу, чыныгы достук, адамдар ортосундагы мамилелелердин туура нукка коюлушу, жар тандоо, үй бүлө күтүү, элди башкаруудагы калыстык, мамлекет түзүү, мамлекетти коргоо, намыстуулук ж.б.у.с. жашоодогу нарктуулуктар, бүгүнкү күндө да жаштарды тарбиялоодогу каражат катары өз маанисин жоготпостон келе жатат. Бул багыттагы идеялар башка кенже эпостордо да орун алган. Алардын кыргыз баласынын психикасынын өсүп өнүгүшүнө тийгизген таасири талашсыз факт.

Эпосто образды ачып берүүдө психологияда белгиленген эрктик сапаттар: кайраттуулук, чыдамкайлык, сабырдуулук, чечкиндүүлүк, кечиримдүүлүк, айкөлдүк ж.б. улуттук өзгөчөлүктүн өңүтүндө чагылдырылган. Элдик эпостор психологиялык түшүнүктөрдү образдуу сүрөттөп, ачып берүүнүн каражаты.

Ошондуктан 2013-жылдын 9-декабрында Юнесконун чечими менен «Манас», «Семетей», «Сейтек» үч илтигинин дүйнө элдеринин материалдык эмес байлыктарынын тизмесине кириши, тарых үчүн эле эмес, улуттун келечеги жана психология илими үчүн да мааниси чоң.

2014-жылы 28 мамлекет катышкан дүйнөлүк маданият фестивалына Замирбек Үсөнбаев катышып, ал аткарган төкмөлүк өнөр «Дүйнө маданиятынын шедеври» аталып, биринчи оорунду камсыз кылгандыгы – элибизде уникалдуу өзгөчөлүктөрдүн бар экендигин жана дүйнө элдеринин арасындагы деңгээлин далилдеп турат. Бул өнөр элдин психологиялык кубулуштарынын саркындысы. Курчап турган дүйнө менен байланыш жасоонун өзгөчө жолун тапкан, алар жөнүндө кенен кабардар болгон, өзүнүн ички даярдыктары ашып-ташып турган адам гана **төгүп жиберет**.

Тарыхка кайрылып, элибиз (мектеби жок эле) өз балдарынан манасчыларды, акындарды, обончуларды, комузчуларды ийгиликтүү даярдап келгендигин көрөбүз. Алардын катарын кыргыз өнөр ээлери толуктайт: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Борош уулу Ниязалы, Токтогул, Жеңижок, Барпы Алыкулов, Тоголок Молдо, Калык Акиев, Алыкул Үсөнбаев, Карамолдо Орозов, Ибрай Туманов, Токтосун Тыныбеков, Эстебес Турсуналиев, Атай Огонбаев, Муса Баетов, Мыскал Өмүрканова, Замирбек Усөнбаев, Элмирбек ж.б.

Алардын ар бири өз алдынча мектептин, кесипке даярдоочу окуу жайдын ролун аткара алышкан. Азыркы биз колдонуп жүргөн «окутуу, тарбиялоо процесси» деп аталган кубулуш да кыргыз кыртышына шайкеш келе бербейт. Кыргыздардын түшүнүгүндө баланын өзүнүн активдүүлүгү болбосо эч нерсеге окутуу мүмкүн эмес (бул азыркы психология илиминин теориясына үндөш), ошондуктан үйрөтүү керек. **Мындан педагогикалык психологиянын негизги объектисин, предметин түзүүдө кыргыз элинин өз көз караштары колдонулбай келүүдө деп тыянак чыгарууга болот.**

Ал эми кыргыз элинин акылмандык сабактары, акындардын мурастарында чагылып, социалдык психологиянын жана личносттор психологиясынын категориялык түшүнүктөрү, терминдери жаралган. Алар азыр да өз мүмкүнчөлүктөрүн ача элек, аларды кыргыз окуулуктарын түзүүдө колдонуу зарыл.

Элибиз башка элдердей жазуу өнөрүн толук пайдаланбаса да, тубаса социалдык эс тутумунун табиятына таянъш, жаш муундарды оозеки чыгармалардын жардамында тарбиялашкан. Мында негизги ролду оозунда сөзу бар аксакалдар, каада-салтгы жакшы билген эл башчылары, сөз баккан чечендер, сынчылар, манасчылар, акындар ээлеп келишкен. Айрыкча айыл аксакалдары чогулуп, башынан өткөн окуяларды, эл турмушун, көйгөйлөрүн элдик наркка салып сөз салганда, жаш балдар айланасында ойноп жүрүшүп, зирек, дымактуулары кулактарына “күмүш сырга” кылып тагып ала коюшчу. Тарбиялоодогу мындай көрөнгөнү азыркы бала бакчалар, мектеп аткара албай жаткандыгын моюнга алууга тийишпиз.

Белгилүү кыргыз акындарынын чыгармаларына саресеп салып, «адам болуу» вазийпасы, жаштардын назарын буруучу негизги тарбиялоо багыты катары өзүнчө концепцияга алынгандыгы байкалат. Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Токтогул, Тоголок Молдо, Женижок, Нурмолдо, Барпы Алыкулов, Калык Акиев ж.б. өз чыгармаларында

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

санат-насыят формасында, дидактикалык мазмундагы чыгармаларды жаратышкан. Алар адамкерчилик, чынчылдык, ак ниетгик, достук, баатырдыкты даназалашып, адамдагы жакшы сапаттардын үлгүсүн сунуш кылышкан. Адамдарда кездешүүчү оң же терс мүнөздөр, жакшы же жаман касиеттер, адал менен арамды ажыратуу, ак эмгек кылуу ж. б. у. с. элдик этиканы, моралдык денгээлде жаштарга жеткирилип турушкан. Ала турган болсок, Барпы Алыкуловдун:

Айт, айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт ...[9. Б.21]. - деген ыры азыркы мезгилде педагогика илиминин өзөгүн түзгөн “Адам тарбиялоонун предмети”, ал эми психолгия илиминдеги «Адам таанып билүүнүн предмети» деп аталган концепцияларга үндөш.

Ошондой эле алардын чыгармаларынан балдарды тарбиялоодо куректык психологиянын жана этнопсихологиянын, этнопедагогиканын элементтерин табууга болот. Кыргыз акындарын тартынбастан эле алгачкы этнопсихологдор жана этнопедагогдор деп айтсак болот. Женижок:

Үчкө жашы толгондо,
Үй бүлөдө тили бал.
Үйдүн ичин чаңытып,
Үч көтөрчү жини бар.
Төрткө жашы барганда,
Танга маал торгойдой,
Сайрап турган балалык.
.......................................
Алты жашар убакта,
Атасы кармап берсе да,
Аптиек менен куранды,
Окубаган балалык [10. Б.34].
..............................................
Он үчкө жашы барганда,
Кырандын терет гүлдөрүн.
Карагат терип кетишет,
Калтырып алыс үйлөрүн [10. Б.35].
.........................................
Он сегизге барганда,
Ооматы жүргөн кез экен [10. Б.36], - деп ар бир куректагы психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү, баладагы жаңы жаралууларды, элдик нарк-насилдин табиятында бере алган.

Албетте акындарыбыз да ырларындагы өзөктүү ойлорду өздөрүнө чейинки муундардан алышкан. Улам кийинки муундарга нарктуу таалим-тарбияны калтыруу кыргыздарда ата салты катары тарбиянын өзөгүнө айланган.

Адамдын жетилүүсүн, жашоонун диалектикасын үйрөнүүгө негиз салуучу, гуманист, улуу акын Жалаледдин Румини адам болуу концепциясынын башатында тургандардын бири. Жалаледдин Руминин жетик адамды калыптандыруу маселесиндеги жетилүүнүн үч баскычы (шариат, тарикат, хакикат) биз карап жаткан акындардын чыгармаларында кездешет. Деги эле, кыргыз акындарынын чыгармалары чыгыш аалымдарынын өзөгүнөн бөлүнүп, өзүнчө көрк берип турган сыяктуу. Төкмө акындардын, айтыш өнөрпоздорунун чыгармаларын илимий айлампага киргизүү келечектин милдети.

**II. Кыргызстандагы психолог-окумуштуулардын илимий эмгектери, чыгармачыл аракеттери.**

Кыргызстанда психология илиминин калыптанып, өнүгүшүн 3 этапка бөлүүгө болот:

**1. Психологиянын өз алдынча илим катары калыптанышынын алгачкы этабы (1930-1950 жылдар).** Бул мезгилде Кыргызстанда элдин социалдык жана руханий

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

жашоосунда кайра түзүүлөр башталган. Кыргызстанда элге жогорку билим берүү жана маданияттын өнүгүүсү өзгөчө оорунду ээлеп турган. Ал мезгилде психология илими Республикадагы жогорку окуу жайларында ар кандай адистерди даярдоодо кошумча предмет катары өнүгө баштаган.

Республикадагы психология илиминин өнүгүүсү жана калыптанышы Советтик психологиянын методологиялык принциптери жана методикалык базасы менен байланыштуу болгон. Белгилүү психологдор Л.С.Выготский, С.Л.Рубинштейн, А.Н.Леонтьевдердин илимий изилдөөлөрүнүн негизинде адамдын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө маданий-тарыхый аспекттен мамиле жасоо илимий мерчемдерге алына баштаган.

Бул мезгилде жогоку окуу жайлар түзүлүп, Республикадагы билим берүү системасында адис - мугалимдерди даярдоодо психологияны окутуу зарылчылыктары пайда болгон. Атайын психолог адистердин жетишсиздигинен бул зарылчылыктар башка профилдеги адистердин: тарыхчылар, биологдор, башталгыч класстын мугалимдери, математиктер, физиктер ж.б. илимдин өкүлдөрүнүн жардамы менен канааттандырылып келген. Ошол учурдагы окутуучулар психологияны өтө кызыктуу окутушуп, коомчулуктун илимге болгон кызыгуусун, умтулуусун жаратууга жетише алышкан.

Психологияны жогорку окуу жайда окутуунун алгачкыларынан болуп Б.К.Кулдашев саналат. Ал Кыргызстанда билим берүүнү жана педагогика, психология илимдеринин уюштуруучуларынын бири катары белгилүү. Педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Э.Измайлов да психология илиминин өнүгүүсүнө өз салымын кошкон. Окумуштуунун илимий көз караштары: «Изучение развития культуры народов Средней Азии и Казакстана» (1967), «Этика и методика семейной жизни» (1986), «О выборе профессии» (1960), «Профориентация в школе» (1965) эмгектеринде чагылдырылган.

Ал эми З.Чотоевдин(1947), Э.Абдулинанын(1953) кыргыз тилине “Жалпы психология” китебин которушкандыктрын психология илимин кыргыз аудиториясына жеткирүүгө болгон далалат деп карасак болот. Кандай болсо да, өз мезгилинде кыргызча китеп жазууга бел байлашкан окумуштууларга таазим кылсак болот, арбактары ыраазы болушсун.

**2. Педагогикалык кадрларды даярдоодо психологияны негизги предмет катары окутуу этабы (1950-1990)**

1950-70-жылдары психология илимине болгон кызыгуу арта баштаган. Психология илиминин Кыргызстанда өнүгүүсүндө улуттук илимдер академиясынын академиги А.А.Салиевдин «Мышление как система», «Разум и время» ж.б. илимий – теориялык изилдөөлөрдүн негизинде жарык көргөн илимий эмгектери өзгөчө маанилүү. А.А.Салиев ой жүгүртүүнү системалык ыктын негизинде изилдеп, аны маанилердин байланышы жана кыймылдын формасы катары караган.

Ал мезгилде психология илимин окутуу программалык талапка ылайык пландаштырылган. Мындай талаптардын аткарылышын медицина илимдеринин доктору, профессор Н.В.Канторович жетектеген. Н.В.Канторович «Внимание и память и их расстройства» (1960) деген илимий эмгегинде адамдын таанып-билүү процесстери жөнүндө баалуу психологиялык көз карашты чагылдырган. Анын «Медициналык психология» монографиясы илимий – практикалык жактан өзгөчө маанилүү. Учурунда А.В.Дурандинанын илимий изилдөөлөрү психологдордун кызыгуусун жараткан. Н.В.Канторович жана А.И.Дурандина медициналык психологияда жүргүзгөн изилдөөлөрү жаш илимпоздордун илимий иштерин багыттоодо шарт түзгөн.

Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун психиатрия кафедрасынын алдында Б.Г.Дегтярев жетектеген илимий – практикалык багытта экинчи лаборатория түзүлгөн. Лабораторияда тесттин жардамында студенттердин жогорку окуу жайларына адаптациялануу көйгөйлөрү изилденген

Кыргызстанда медициналык психология мектебин уюштурган окумуштуу-профессор В.В.Соложенкин болгон. Ал 1978-жылы Республикалык кардиология илимий изилдөө институтунун медициналык психология бөлүмүн түзүп, аны жетектеп, личносттун чөйрө менен болгон өз ара байланышы боюнча оригиналдуу конструкцияны

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

иштеп чыккан. Бир нече жылдардан кийин бул багыт «Кыргыз медициналык психоло[illegible] мектеби» деген атка ээ болгон.

1960-жылдарда Кыргыз мамлекеттик университетинде (учурда КУУ) башка профилдеги адистерге атайын лекцияларды иштеп чыгып, окутууда жана «Психология боюнча терминдердин орусча – кыргызча сөздүгү» китебин түзүүдө психология илимдеринин кандидаты, доцент С.И.Гершун, педагогика илимдеринин кандидаттары, доценттер Ж.Жоокаев, Г.Т.Токтаровдор илимий – практикалык багытта чыгармачылык менен иштешкен. Бул алгачкы кыргыз тилиндеги терминологиялык сөздүк болгон. Кафедрада педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ж.Жоокаев өзүнүн «Окуучулардын көңүл бурuусун өстүрүү» деген окуу – усулдук эмгегин жазган.

С.И.Гершун көптөгөн окуу-усулдук колдонмолорду жана окуу куралдарды жазып, студенттерге, жалпы окурмандарга сунуштаган. Айрыкча, «О мышлении и речи на втором языке» [11], «Методологические принципы и методы психологии» [12] деген окуу китептери бүгүнкү күндө да таңсык окуу куралы катары пайдаланылып жүрөт.

1950-жылдан баштап, 1990-жылдардын орто ченине чейин В.В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз–келиндер пединститутунда (азыркы И.Арабаев атындагы КМУ) психология илиминин өнүгүүсү педагогика кафедрасы менен байланыштуу болгон. Кыргызстанда психология илиминин жалпы абалы ушундай эле болгон. Ал мезгилде психологияны өз алдынча кафедра катары бөлүү мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Абалдын мындай болушуна биринчиден, атайын даярдалган адис психологдордун жетишсиздиги, экинчиден, окуу программасында, бардык факультеттерде, жалпы психология предмети гана окутулгандыгы себеп болгон. Ошол мезгилде жалпы психологияны педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ш.Д.Джанузаков, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Х.А.Калимов, педагогика илиминин кандидаты, доцент Б.Т.Тойбаевдер окутушкан. Ошондуктан өзүнчө психология кафедрасын ачуу зарылчылыгы жаралган эмес, аны көтөргөн адам да болгон эмес.

1957-жылдан баштап, Н.Н.Палагинанын келиши (ал психология илиминин биринчи кандидаты (1957), биринчи доктору) психология илиминин өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Кафедрада Н.И.Калошина, М.Р.Рахимова, Т.М.Попова, И.С.Майнштейн, С.И.Гершун эмгектенишкен. Кафедрада учурдун талабына ылайык, психология адистиги боюнча илимпоз – адистерди даярдоо максаты белгиленген. Анткени аталган кафедрада психология предметине берилген сааттардын көлөмү да бир топ жакшырган эле. 1960-жылдан психология илиминин айрым суроолору философия, педагогика жана методикалар менен байланыштуу изилдөөлөр колго алынган.

Бул жылдары Л.Ч.Мусуралиева (1972-жылы М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин психология факультетин), Ч.А.Шакеева (1979-жылы Санкт-Петербург мамлекеттик университеттин психология факультетин) бүтүрүп келишкен. 1974-жылы А.Алдашева Ленинграддагы мамлекеттик университетин бүтүргөн.

Жогоруда белгиленгендей 1970-жылдардын ичинде психология адистиги боюнча көптөгөн жогорку билимдүү психолог адистер даярдалган, алар илимпоз катары психология илиминин тарыхый өнүгүү мезгилинде көптөгөн илимий эмгектерди жаратышты, илимий мектептерди түзө алышты.

Психология илиминин калыптанып, өнүгүүсүндө Н.Н.Палагинанын илимий иш аракети өзгөчө. Н.Н.Палагина теория менен практиканы айкалыштыра билген чыгармачыл изденүүчү-окумуштуу болгон. Окумуштуунун илим изилдөө иштеринин натыйжасы: «Игры и занятия с детьми раннего возраста» (1985); «Игры дошкольников» (1989) окуу китептеринде, «Воображение у самого истока» [13] монографиясында жана башка көптөгөн илимий эмгектеринде чагылдырылган.

Акыркы жылдарда Н.Н.Палагина социалдык суроо – талаптарды эске алып, курактык мыйзам ченемдүүлүктөрдү этникалык психология менен байланыштырып, «Этнопсихология: теории и методики (2001), «Этническое многообразие Кыргызстана (2003) аттуу окуу куралдарын түзгөн. Изилдөөлөрдүн негизги багыты аныкталып, психология жана педагогика илимдеринен 15 кандидаттык диссертацияга жетекчилик кылган. Ала турган болсок, «Механизм параллельного моделирования реальных событий на игрушках» (Л.В.Усенко); «Формирование ценностных ориентаций у старших

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

дошкольников на основе кыргызских народных традиций» (Т.А.Конурба... «Возрождение народных интеллектуальных игр» (Т.Э.Уметов), «Использование фольклора в развитии трудовой активности младших школьников» (Ч.Т.Осмонова), «Педагогические условия формирования организованности у старших дошкольников» П.Я. Гальпериндин илимий иштеринин жана методикасынын негизинде (К.С. Сейдекулова). Бала бакчада балдар менен тарбиячынын карым – катнашынын психологиялык өзгөчөлүгү Ш.А. Амонашвилинин гуманистик идеясынын негизинде иштеп чыккан (Э.К. Омуралиева). «Роль воображения в структуре школьной зрелости» (Н.А.Брудная) ж.б.

1983-жылы К.Н.Кененбаева, Ж.Жумалиевалар илимий иштерин ийгиликтүү коргошкон. Кафедрада А.Ысыкеев, Н.С.Быковченко, Ө.Сманбаев ж.б. эмгектенишип, окуу усулдук куралдарды иштеп чыгышкан.

Бул айтылгандардан көрсөтүлгөн этапты төмөндөгүдөй жыйынтыктасак болот:

1. 1970 – жылдын орто ченинен баштап, психологиялык илимий жана илимий – эксперименталдык изилдөөлөрдүн активдешкен.
2. Психология илимдеринин кандидаттары даярдалып, алардын тобунун түзүлүшү, ар кандай багыттагы психологиялык изилдөөлөрдүн (курактык педагогикалык психологясы, этнопсихология, диагностика ж.б.) колго алынышы.
3. Психология коомунун түзүлүшү, анда айрым психологиялык суроолордун такууланышы.
4. Окуу программаларынын, окуу китептеринин кыргыз жана орус тилинде басмадан чыгышы.

**3. 1990-2021-жж. Психологиянын өз алдынча илим катары өнүгүшү.**

Республикада 1986-жылдан баштап, жогорку окуу жайларында өз алдынча психология кафедрасынын түзүлүшү психология илиминин теориялык жана практикалык жактан өнүгүүсүнө шарт түзгөн.

Кафедрада психолог окумуштуулар: В.Я.Ляудис «Методика преподавания психологии»; С.И.Гершун «Методологические принципы и методы психологии», - деген окуу куралдагы айрым методикаларды иштеп чыгып, лекция өтүүнүн методикасын аныкташкан. Жалпы психологиядан программалык талапка ылайык лекциялардын текстин топтоп басмага даярдоо каралган. Кафедранын мүчөлөрү окуу-методикалык көрсөтмөлөрүн иштеп чыгышкан: Ж. Жумалиева тарабынан «Темы курсовых работ по возрастной и педагогической психологи» (1990) методикалык көрсөтмө; А.Ы.Ысыкеев «Психологические особенности самостоятельной работы студентов в период педагогической практики» (1990); К.Н.Кененбаева «Мугалимдик кесипке даярдоонун психологиялык негизи» (1990).

Аталган методикалык көрсөтмөлөрдү даярдоодо жана өз алдынча иштеп баштаган психология кафедрасынын ишин уюштуруп, илимий-практикалык багытта жөнгө салууда педагогика илиминин доктору, профессор А.Ы.Ысыкеев насаатчы катары багыт берген. А.Ы.Ысыкеев илимий эмгектеринде жогорку окуу жайынын студенттери менен балдардын психикасынын өнүгүүсүн окуу иш-аракети менен байланыштырган. Ж.Жумалиеванын «Балдар психологиясы» (1997), «Жаш курак психологиясы» (1999) деген окуу китеби кыргыз тилинде чыккан.

1990-жылдардын аягынан баштап, психология адистиги Республикада: Бишкектеги К.Карасаев атындагы гуманитардык университетинде, Борбордук Азиядагы Америкалык университетинде, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде, Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинде, Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россиялык Славян университетинде, Кыргыз-Россиялык билим берүү Академиясында, Кыргыз Түрк Манас университетинде даярдала баштаган. Айрыкча 2001 – жылдан баштап Кыргызстандын жогорку окуу жайларында психолог адистерди даярдоонун мазмуну өзгөргөн.

Ошентип 1**990-2021-жж.** психологиянын ар кандай тармагы: жалпы психология, курактык жана педагогикалык психология, социалдык психология, этнопсихология, медициналык психология боюнча көптөгөн илимий адабияттар, окуу китептери басмадан чыккан.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Көрсөтүлгөн мезгилде Кыргызстанда психология боюнча жергиликтүү илимий кадрларды даярдоо мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн. 1993 - жылы И.Арабаев атындагы КМПУда психология адистиги боюнча аспирантурага алгачкылардан болуп, Т.А.Конурбаев (1999) кабыл алынган. Көрсөтүлгөн этапта Т.Качыкеев (1990), А.Адыкулов (1990), И.А.Агеева (1990), А.Закиров (1994), А.Т.Токсонбаева (1994), Т.А.Данилова (1998), Т.А.Конурбаев (1999), М.Маматова (1999), Н.А.Брудная (2000), М.С.Мурзаев (2003), Н.Х.Мураталиева (2005), И.Дорохова (2007), В.В.Еременко (2007), О.Ажиматов (2008), К.М.Кожогелдиева (2008), Г.Сыдыкова (20015), Н.А.Шумская (20017), М.А.Кожогелдиевалар (20017) психология илими боюнча диссертациялык иштерин ийгиликтүү коргошкон.

Илимий психологиянын өнүгүү абалы реалдуу илимий багыттардын жаралышына шарт түзгөн. Аталган этапта психологдордун түрдүү багыттагы изилдөө мектептери пайда болгон. Ала турган болсок, Н.Н.Палагинанын мектеби – курактык жана педагогикалык психология багытында; Ж.М.Жумалиеванын мектеби – курактык өнүгүү психологиясы багыты; Э.С.Орозалиевдин мектеби – социалдык иштер, социалдык психология багыты; В.В.Соложенкиндин мектеби – медициналык психология багыты; Ч.А.Шакееванын мектеби – социалдык психология багыты; И.А.Агееванын мектеби – психодиагностика жана психокоррекция багыты; Т.А.Конурбаевдин мектеби – этнопсихология багыты; К.М.Кожогелдиеванын мектеби – педагогикалык психология багыты ж.б.у.с.

Бүгүнкү күндө психология илими жаңы илимий изилдөөлөр менен толукталып, анын методологиясы, изилдөө методдору иштелип чыгууда. Кыргызстанда психологиянын илимий-практикалык деңгээлин көтөрүү мүмкүнчүлүктөрү да кеңейүүдө. Мектептерде, балдар бакчаларында, айрым мекемелерде, куралдуу күчтөрдө, өзгөчө кырдаалдар министрлигинде, реабилитациялык борборлордо психологиялык кызмат көрсөтүү колго алынган.

Жогоруда келтирилген илимий фактылар, психологдордун жасаган эмгектери, илимий жетишкендиктери жана психология адистигине болгон мамиле Кыргыз Республикасында психология илиминин тарыхы жөнүндөгү маалыматтарды камсыз кылат.

**Адабияттар тизмеси**


1. Стоунс Э. Психодидактика[Текст] Э.Стоунс. - М.: 1984.
2. Мамбетакунов Э. Психодидактиканын очерктери [Текст] / Э.Мамбетакунов. – Б.: Текник ББ., 2014. - 170 б.
3. Выготский Л.С. История развития высших психических функций [Текст] / Л.С. Выготский. - М.: Педагогика. - 1983.
4. Жарикбаев К.Б. Психологические воззрения Аль Фараби [Текст] / К.Б.Жарикбаев // Вопросы психологии. - М. - 1976. №4.
5. Измайлов А.Э. Народная педагогика[Текст]: педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана А.Э. Измайлов. - М.: Педагогика. - 1991.- 256 с.
6. Баласагын Ж. Куттуу билим [Текст]: Котор. Козубеков Т. - Б.: Бийиктик плюс, 2017. – 644 б.
7. Ормонов Т.О. Педагогическая пансофия кыргызского народа [Текст] /Т.О.Ормонов // Советская педагогика. - 1978. № 1.
8. Манас. Киргизский героический эпос [Текст] / Книга 2. - М.: “Наука”. - 1988.– 688 с.
9. Барпы. [Текст] / Түзгөн: Апилов // 1-том. – Б.: 1995.
10. Залкар акындар. 2-т. – Женижок [Текст] / Түзгөндөр: А.Акматалиев, А.Жусупбеков, М.Мукасов. – Б.: 1999.
11. Гершун С.И. О мышлении и речи на втором языке [Текст] / С.И.Гершун. - Б.: 2008. - 51 с.
12. Гершун С.И. Методологические принципы и методы психологии [Текст]: Уч. пос. / С.И.Гершун. – Фрунзе: Изд-во «Мектеп», 1975.

13. Палагина Н.Н. Воображение у самого истока [Текст] / Н.Н.Палагина. - М.: Институт практической психологии. - 1997. – 184 с.